***DOI:10.26104/NNTIK.2023.89.13.045***

***Тыныстанова Н.А.***

# АҢГЕМЕЛЕРДИ V КЛАССТА ОКУТУУ

***Тыныстанова Н.А.***

# ИЗУЧЕНИЕ РАССКАЗОВ В V КЛАССЕ

***N. Tynystanova***

# STUDYING STORIES IN THE V CLASS

*УДК: 371.3:821.512.154*

*Макалада Кусейин Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» аңгемесин мектепте интерактивдүү окутуунун жалпы маселелери каралды. Мында сабак маалында конкреттүү усулдук ыкмалардын мисалында аңгемелерди мектепте интерактивдүү окутуу сабактарынын үлгүлөрү иштелип чыгылды жана окуу процессине колдонууга сунушталды. Аңгемелерди интерактивдүү окутуу сабактары интеллектуалдык көндүмдү, моралдык-этикалык, эстетикалык жана коммуникациялык компоненттердин бардык аспектилерин кыймылга келтирүүнү толук түрдө талап кыла турган татаал процесс. Мындагы эң негизги басым алдыга коюлган маселени – жаңы теманы мугалим мүмкүн болушунча өзү окуткан класстагы окуучулары менен бирдикте биргелешип чечмелөөсүнө коюлат. Азыр кыргыз адабияты сабагынан интерактивдүү сабактарды уюштуруу ар кандай методикалык усулдарды талап кылат. Аңгемелерди окутуу ишинде да ой калчоо, сынчыл ойлом усулдарын колдонуу сабактын эффективдүүлүгүн арттырып, окуучулардын берилген материалды терең өздоштүрүүсүнө өбөлгө түзөт. Макала мектеп мугалимдерине жана окуучуларга усулдук жардам катары даярдалды.*

***Негизги сөздөр:*** *интерактивдүү окутуу, усул, ыкма, көндүм, аңгеме, адабият сабагы, окуучу, мугалим.*

*В статье рассмотрены общие вопросы интерактивного обучения в школе рассказа Кусейина Эсенкожоева "Третий шар". При этом разработаны и рекомендованы к применению в учебном процессе примеры интерактивных учебных занятий в школе по рассказыванию историй на примере конкретных методических приемов во время урока. Интерактивные занятия по обучению, рассказыванию историй – сложный процесс, который в полной мере потребует интеллектуальных навыков, приведения в движение всех аспектов морально-этического, эстетического и коммуникативного компонентов. При этом основной упор делается на то, чтобы поставленная задача – новая тема-интерпретировалась учителем максимально совместно с учениками того класса, в котором он преподает. Сейчас организация интерактивных уроков по кыргызской литературе требует различных методических подходов. Даже при обучении рассказыванию историй использование методов размышления и критического мышления может повысить эффективность урока и способствовать более глубокому усвоению учащимися данного материала. Статья подготовлена как методическая помощь школьным учителям и учащимся.*

***Ключевые слова:*** *интерактивное обучение, метод, прием, навык, рассказ, урок литературы, ученик, учитель.*

*The article discusses the general issues of interactive learning in the school of Kuseyin Esenkozhoev's story "The third ball". At the same time, examples of interactive storytelling classes at school on the example of specific methodological techniques during the lesson have been developed and recommended for use in the educational process. Interactive storytelling classes are a complex process that will fully require intellectual skills, setting in motion all aspects of moral, ethical, aesthetic and communicative components. At the same time, the main emphasis is on ensuring that the task – a new topic – is interpreted by the teacher as much as possible together with the students of the class in which he teaches. Now the organization of interactive lessons on Kyrgyz literature requires various methodological approaches. Even when teaching storytelling, the use of methods of reflection and critical thinking can increase the effectiveness of the lesson and contribute to a deeper assimilation of this material by students. The article is prepared as a methodological aid to school teachers and students.*

***Key words****: interactive learning, method, reception, skill, story, literature lesson, student, teacher.*

Кусейин Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» фантастикалуу аңгемесин V класста окутууга мектеп программасында 2 саат убакыт бөлүнөт. Анда алгач автордун өзү, фантастикалуу чыгармалар, алардын тектик бөтөнчөлүгү, табияты тууралуу маалыматтар берилет. Ушул жагдайды эске алып, аталган чыгарманы окутуу ишин төмөндөгүдөй кылып пландаштырса туура болот:

1. Тунгуч кыргыз фантаст-жазуучусу Кусейин Эсенкожоев тууралуу кыскача маалымат, фантастикалык чыгармаларга жалпы түшүнүк, «Үчүнчү шар» фантастикалуу аңгемеси тууралуу мугалимдин кириш сөзү. Чыгармадагы башкы каарман баланын шар жасап учуп, ити экөө белгисиз жерге барып конгондогу эпизодду комментарийлеп окуу, талдоо – 1 саат.
2. Башкы каармандын башка жердеги жашоосу, анын жашоо үчүн болгон күрөшү, итинин аны сактап калган эпизоддорун окуу, талдоо. Чыгарманын материалдарын жыйынтыктоо – 1 саат.

Жогорудагыдан ачык көрүнүп тургандай, мындагы убактынын бир аз бөлүгү эпикалык чыгармалар, аңгемеге тийешелүү жалпы маселелер менен тааныштырууга бөлүштүрүлөт. Бул жагы керек, мындай иш-чаралар алдын-ала жүргүзүлмөйүн, окуучуларды жаңы материалды кабылдоого даярдоо өз деңгээлинде болбой калышы ыктымал. Мындагы кириш баяндаманын айтылуусунан улам окуучулардын аңгемеге болгон кызыгуулары ойгонот, ал гана эмес чыгармачылык жандануулары пайда кылып, өздөрү аңгеме жазууга умтулушат. Аны классташтарынын алдында жандуу баяндап берүү аркасында өз оюн, билгенин

тартынбай ортого салууга, айтууга көнүгүшөт. Кириш баяндама мугалимдин жеке ой-максатына, сабакты уюштуруу бөтөнчөлүгүнө карай 5 мүнөттөн 8 мүнөткө чейин созулушу ыктымал.

Белгилүү болгондой, кыргыз адабияты предмети мектепте үч баскычта окуп үйрөнүлөт.

Мына ошол үч баскычтын бири – V-VII класстарды ичине камтыган адабияттык окуу баскычы. Аталган баскычта автордун өзүнөн мурда анын өтүлүүгө деп сунушталган көркөм чыгармасы, анын текстин көркөм окууга, комментарийлеп окууга өзгөчө маани берилет. Аталган адабияттык окуу баскычынын дагы бир өзгөчөлүгү – адабият окуу китебинин окуулук-хрестоматия эсебинде түзүлгөндүгү. Башкача айтканда, аталган класстар үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китептеринде автор тууралуу өтө эле кыска, учкай гана маалымат берилет да, ал эми окуп-үйрөнүлүүгө деп сунушталган чыгармаларынын тексти эгер көлөмү чакан болсо толук түрдө, өтө эле көлөмдүү делинсе, эң бир урунттуу, маанилүү деген эпизоддору киргизилип, чыгарманын өзү ортоңку класстарда адабий билим берүүнүн талаптарына ылайык бир далай кыскартылып, адаптацияланып берилет. Анан, албетте, V класс VI, VII класс болуп жыл алмашкан сайын калемгердин өзү тууралуу маалыматтын көлөмү артылып, акырындап гана талдоо материалдарына улам көбүрөөк орун берилип баштайт. V-VII класстардагы кыргыз адабияты сабагы учурунда көркөм чыгарманы өтүүдө окуучулар менен биргеликте төмөндөгүдөй жумуштар алып барылат: мугалимдин чыгарма тууралуу кыскача кириш сөзү, техникалык каражаттардын (магнитофон, компьютер, слайд ж.б.) жардамы менен чыгармадан үзүндү берүү, мугалимдин чыгарманын баштапкы бөлүмдөрүн көркөм окуусу, окуучулардын текстти мугалимдин үлгүсүнө салып көркөм окуусу, окулган текстти комментарийлөө, өз оюн кошуп эркин баяндоо, окуучулардын чыгарманы өз алдынча чыгармачылык менен интерпретациялоосу, чыгарманын окуяларын, мазмунун чагылдырган сүрөттөр аркылуу чагылдыруу, окуу китебиндеги иллюстрацияларга берүү, андагы камтылган суроо-тапшырмалар менен иштөө ж.б.

Чыгарманын текстин окуу, чыгармачылык менен өздөштүрүү жумуштарына өз мезгилинде орустун М.А. Рыбникова, В. Голубков баштаган белгилүү окумуштуу-методисттери зор маани беришкенин белгилеп кетүү абзел. «Адабияттык окуу» (литературное чтение) түшүнүгүн адабиятты окутуунун методикасына алгач мына ушул М.А.Рыбникова киргизген. Бул жерде ал окуучулар чыгарманын текстин окуп эле тим болбой, анын ички маани-маңызын тереңден түшүнүп, чечмелеп, андагы эстетикалык баалуулуктарды, таалим-тарбиялык жагын чыгармачылык менен өздөштүрүүлөрүнө абдан маани берген.

V-VII класстарда окулган текстти, чыгарманы интерпретациялоого өзгөчөлүү көңүл бурулуусу керек. Деги интерпретация, интерпретациялоо деген эмне? Ал латындын **«interpretatio – ортомчулук»** деген сөзүнөн алынган, мааниси бир нерсенин маңызын чечмелөө, түшүндүрүү, чыгармачылык менен талдоо дегенди билдирет. Ал эми Интернеттеги «Википедия» ачык энциклопедияда «интерпретация» термини текстти «анын ички маани-маңызын аңдап билүү максатында чечмелеп түшүндүрүү» деп белгиленген.

Азыркы учурда адабият таануу илиминин түшүндүрмөсүнө ылайык, интерпретация – бул «көркөм текстти окуган учурда кандайдыр бир белгилүү маданий-тарыхый жана инсандык жагдай-шарттарда чыгарманын эмоционалдык-маанилик маңызын талдап талкуулоо». Ал эми белгилүү окумуштуу, профессор А.Муратов интерпретацияны төмөндөгүчө түшүндүрөт: «текстти окуу, түшүнүү, түшүндүрүү (комментарий) менен гана чектелбейт, андан тереңирээк кетет» [3. 118-б.].

Дагы бир белгилүү адабиятчы, доцент Б.Оторбаев интерпретацияга төмөндөгүдөй аныктама берет: «Интерпретация – бул адабий туундуну окурмандын көркөм тексттин поэтикасын, ички баалуулуктарын өзүнүн маалыматты кабылдоо, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө, элестетүүсүнө жана аңдап түшүнүүсүнө таянып көркөмдөп кайрадан түзүп чыгуусу (түшүнгөнүн чыгармачылык менен көркөм чечмелөөсү)» [4,274-б.].

V-VII класстарда адабий чыгарманы өз алдынча интерпретациялоо боюнча чыгармачылык тапшырмалар көбүрөөк үйгө берилгени туура. Анткени бала өз алдынча калганында өзүнүн ички катылуу чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн аракетке келтирип, чыгармадагы окуянын өнүгүшүн өз жан дүйнөсүндө, туюп билүүсүндө өзгөртүп, кайрадан көркөмдөп иштеп чыгат жана аны класста классташтарынын алдында жактап берет.

Орто мектептин V-VII класстарында көркөм чыгарманын текстин окуу, комментарийлөө иштери андагы материалды бышыктоо максатында алып барылат. Бул жерде текстти окуп-өздөштүрүүнүн негизги эки түрү пайдаланылат: үйдөгү окуу (өз алдынча ичтен окуу) жана класстагы окуу (үн чыгарып көрктүү окуу).

Класста чыгарманын тексттин үн кубултуп көркөм окуунун башкы максаттарынын бири болуп окуу аркылуу окуучунун чыгармага болгон ышкысын ойготуу, ойлонууга багыттоо, окулуп жаткан текстти окуп жаткан адам кандай түшүнсө, угуучунун да дал ошондой түшүнүп кабылдоосуна жетишүү эсептелинет.

Бул жерде дагы бир маселе, текстти жатка билүү, көркөм окуу ишин жатка айттырып угузуу абдан маанилүү. Мындайда көркөм окуунун сапаты, жеткиликтүүлүгү кагаздан карап окуганга караганда, албетте, жогору болот.

Окучуларда текстти мыкты көркөм окуй билүү көндүмүн калыптандырууда мугалим өзүнүн көркөм окуу мүмкүнчүлүгү менен катар эле көркөм окуу чеберлеринин (виртуоз актерлордун) компакт-дискке жазылган көркөм окуу материалдарын да пайдаланса ашыкча болбойт. Көркөм окууга карата мындай мамиле, сөзсүз, V-VII класстарда аңгемелерди окутуу ишинин жогорку деңгээлде алып барылышына өбөлгө түзөт.

Мына ушундай көркөм окуу ишин алып баруунун бөтөнчөлүктөрүнө атайы токтолгонубуздун себеби, булардын баары окутуу процессинин натыйжалуу чыгышы үчүн өтө зарыл. Бул жерде комментарийлеп окууну орду менен колдонууну керек, анткени негизги жүктү мугалим өзүнө алганына байланыштуу өтө эле жупунуланып, примитивдүүлүккө жол ачылышы мүмкүн.

Жогорудагы чыгарманы бөлүштүрүүдө 1-сабакта кыргыздын тунгуч фантаст-жазуучусу Кусейин Эсенкожоев тууралуу кыскача маалымат, фантастикалык чыгармалар тууралуу жалпы түшүнүк, «Үчүнчү шар» фантастикалуу аңгемеси жайындагы мугалимдин кириш сөзү, буга кошумча башкы каарман баланын шар жасап учуп, анан ити экөө белгисиз жерге барып конгондогу эпизодду комментарийлеп окуу, талдоо жумуштары бүткөрүлөрүн айткан элек. «Үчүнчү шар» – К.Эсенкожоевдин мектепте өтүлө турган биринчи чыгармасы, демек, автордун аты-жөнүн да окуучулар алгач ирет укканы турушат. Ушул жагынан алганда мугалим өзүнүн кириш сөзүндө бул фантастикалуу аңгеменин автору тууралуу кыска жана нуска маалымат бере кеткени ылайык. Мисалы, төмөндөгүдөй мазмундагы:

«Кыргыздын тунгуч фантасты, балдар жазуучусу Кусейин Эсенкожоев 1920-жылы Жети-Өгүз районунда Кытай деген чакан айылда туулган. Орто мектепти аяктап эле, 1937-жылы Кыргызстан Мамлекеттик педагогикалык институтуна келип кирет. 1938-жылы «Саякатчы бака», 1939-жылы бир эле жылда үч китеби - «Канаттуулардын сыры», «Родинанын уулу», «Шарше» чыгат жана аны СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө алышат. Булар мектепте эле жазыла баштаган экен. Ошол окуп жаткан учурда (ал жогорулатылган стипендия алып окуган) согуш чыгып, акыркы курсунда өз ыктыяры менен Алма-Атадагы офицерлерди даярдоочу мектепке жиберилип, Советтик Армиянын офицери болгон. Андан ал дароо эле урушка кетип, Москванын алдындагы кандуу кармаштардын биринде 1941-жылы декабрда 21 жашында курман болот. «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» ж.б. чыгармалары аркылуу кыргыз адабиятында илимий-фантастикалык жанрга негиз салды. Өзү да балалыктан анча узай элек кезинде жазылган бул чыгармалары анын китепти көп окугандыгынан, ой жүгүртүүсү, кыялы ушунчалык күчтүү экендигинен кабар берет, илим менен кыргыздардын салттуу жашоо-тиричилигин айкалыштыра билүү маданияты да аталган чыгармалардын жаңылыгын тастыктаган. «Канаттуулардын сыры» болсо – кыргыз фаунасынын энциклопедиясы. «Шарше» – реалисттик прозанын үлгүсү. Бул чыгармалары аркылуу жаш жазуучу балдар дүйнөсүнүн ачкычын тапкан» [5, 308-б.].

Мындай мазмундагы мугалимдин баяндоосу, окуучуларды автор менен алгач тааныштыруу иши үчүн толук жетиштүү.

Текстти окууга делинген баштапкы сабакта жазуучунун өзү менен кыскача тааныштыруу иши жыйынтыкталган соң, «Үчүнчү шар» аңгемесинин адепки үзүндү-текстин мугалим өзү чыгармачылык менен окуп берет. Окулган текст комментарийленип, окуучулардын кызыктырган суроолоруна жооп берүү менен сабак аягына чыгат. Тексттин калган бөлүгүн окуп, комменттарийлөө иштери кийинки сабакта улантылат.

Аңгеменин бала ити менен асканын башына келип конгондон кийинки жашоо үчүн күрөштү камтыган тексттери 16 беттен турат. Аны толук чыгууга 1 саат-сабак көлөмдөгү убакыт аздык кылат. Андыктан калган текстти адаптациялап кыскартып, анан барып гана окуп-өздөштүрүүгө киришүү зарылдыгы бар.

Айрым бир учурда кайчы пикирлерди туудурган маселелер кездешет. Башкы каарман бычагы менен аюуну бетке сайып жиберсе эле, аюу бир чаңырып алып качканча шашат. А чынында жаралуу аюудан да коркунучтуу жырткыч болчубу? Реалдуу турмушта жаралуу аюу дароо эле баланы аёосуздук менен өлтүрүп, тарпын чыгара тытмак. Андан да ити түшүп кеткен жерден кантип бала түшө албасын? - деген суроо туулат. Аңгемени жазууда ушул жагдайлар эске алынганы ылайык болмок. Ушуга окшогон учурлар талаш кырдаалды жаратып, салттуу эмес диспут-сабагын өтүүгө деген өбөлгө-шарттарды түзүүсү ыктымал. Мугалим мындай мүмкүнчүлүктү сөзсүз пайдаланып калуусу абзел.

К.Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» фантастикалуу аңгемесин жалпы орто билим берүүчү мектептин V классында окутууда ой калчоо (орусчасы - “ мозговой штурм”), сынчыл ойлом (орусчасы – критическое мышление) интерактивдүү усул-ыкмаларынын колдонуу окуучуларга чоң пайда алып келет..

Биздин түшүнгөнүбүздө, интерактивдүү «сынчыл ойлом» усул-ыкмасы дидактикалык мүнөздөмөсү боюнча интерактивдүү ой калчоо усулуна жакындашып, айрым жактары боюнча анын уландысы, толукталышы катары каралат. Эгерде «ой калчоо» усулу берилген суроо, келип чыккан кыйчалыш кырдаал боюнча ойлонууга, ой калчоо процессинин жүрүшүнө басым койсо, ал эми «сынчыл ойлом» суроо-кырдаалга өзүнчө мамиле кылып, оң-терс, жакшы-жаман ж.б. жактарын сынчыл көз менен карап, андан соң гана

тыянак, чечим чыгаруу талабын коёт. Мында «даяр билимдердин жыйындысын берүү, даяр түшүнүктү, жобону түшүндүрүү анча мааниге ээ эмес же мааниси жок» [6, 73-б.]

Биздин пикирибизче, мындай усул-ыкманы колдонуунун негизги максаты төмөндөгүдөй:

Интерактивдүү «ой калчоо» жана «сынчыл ойлом» усул-ыкмалары, бир караганда, бир ошол эле тартип-эреженин, бүткөн бир концепциянын бири экинчисин толуктаган уландылары сыяктуу. Бул усулдардын экөөндө тең окуучуну өз алдынча ой жүгүртүүгө түртмөлөө, талкууга коюлган, ортого айтылган пикирди сындоо, ордуна өз көз караш-позициясын сунуштоо, эч кимдикане окшобогон жекече пикирин иштеп чыгуу жана аны алы-күчүнүн жетишинче коргоо орун алган. Бул усул-ыкмаларды колдонуу маалында адабиятты V класста окутуу талабына ылайык адаптацияланган тексттер топтомун колдонуу зарыл. Мында окулуп өздөштүрүлүүгө тийиш болгон чыгарманын тексти менен иштөөдө көйгөйлүү суроолорго жооп издөө жана аны табуу билигичтиктери жана көндүмдөрү калыптандырылат.

Ой калчоо жана сынчыл ойлом тууралуу айтылгандарды төмөндөгүчө жыйынтыктаса болчудай:

Дегинкиси, интерактивдүү ой калчоо усулу алдыда келип чыккан маселеде окуучунун өзүнүн жекече көз караш-пикирин жалпынын талкуусуна алып чыгууга, оппоненттеринин пикирин угууга ниеттенүү менен катар, акыры эки жактын тең пикирин, көз караш-позицияларын эске алган бир пикирге, натыйжа-корутундуга келүүчүлүктү туюндурат. Кыргыз адабиятынан сынчыл ойлом сабагы маалында сөзсүз далайга тынчыбаган кызуу талаш-тартыш, башканыкын жаратпай, өзүнүкүн жанталашып коргоо көрүнүшү орун алат. Демек, ой калчоо, сынчыл ойлом усулыкмалары негизинде кыргыз адабияты сабагын окутуу мектеп окуучуларында өзүнүн башкалардыкына окшобогон жекече пикири бар, өз алдынча ойлонууга жөндөмдүү инсандын түзүлүп калыптандырылуусу учурда эң бир маанилүү маселелерден экени айныксыз.

Балдар жазуучусу К.Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» аңгемеси негизинде сынчыл ойлом сабагын уюштурууда төмөндөгү сымал суроо-тапшырмалар пайдаланылат. Карайлы:

1. «Үчүнчү шар» аңгемесинде башкы каармандын ар нерсеге дилгирлиги, кызыкдарлыгы эмнеден көрүнөт? Аэроплан, самолет сыяктуу түшүнүктөр адамдардын турмушуна кадимкидей аралашып калган өткөн кылымдын 30-жылдары каармандын самолет эмес, тескерисинче шар жасап асманга учушу өз заманынан артта калуунун көрүнүшү эмеспи? Нукура фантаст-жазуучу кандай болушу керек?

2. Эгерде сенде фантастикалуу учуучу аппарат аркылуу, жогору жакка көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп калса, ал жөндөмүңдү кантип пайдаланат элең? Учуучу дагы кандай аппаратты ойлоп таап, кайсы жакты көздөй учат элең?

3. «Ит – адамдын досу» дейт, аңгемедеги бала менен ит экөөнүн өз ара мамилелерине кандай карайсың? Чыгармадагы окуянын жүрүшүндө ит баланын ата-энесинин үйүнө бир канча жолу каттап, акырында ээсин куткарышы окуясына ишенесиңби? Сенин да итиң барбы? Итиң менен кандай мамиледесиң? Ал акылдуубу?

4. Асканын урчугунда өзү эле калганда бала өзүн кандайча алып жүрдү? Каармандын башынан өткөргөнүн эрдик катары эсептөөгө болобу? Эгер сен анын ордунда болсоң, эмне кылаар элең?

5. Каармандын майда жандыктардан коргонуп, аюуну качууга мажбур кылганы ишеничтүүбү? Жырткыч айбандардын ичинен айбаттууларынын бири аюу тууралуу сен эмнени билесиң? Эгер сен баланын ордунда болсоң, аюуга каршы кандай иш аракетти жүргүзөт элең?

Аталган интерактивдүү Блумдун таажы гүлү усул-каражатын К.Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» фантастикалуу аңгемеси боюнча өтүлгөн теманы кайталап бышыктоодо, ошондой эле сабак маалында өздөштүрүлгөн материалдарды бекемдөөдө да пайдаланса болот. Кандай типтеги, кандайча, эмне болгон суроо экенин окуучулар адегенде билбегени туура. Бардык суроолорго жооптор берилгенден кийин барып гана мугалим анын ойлонтуучу, чаташтыруучу же дагы башка мүнөздөгү суроо экенин жарыя кылат. Окуучулардын билими бул аталган суроолорго карата жоопторду табуудагы жөндөмдүүлүгүнө, жигердүүлүктөрүнө жараша бааланат.

**Адабияттар:**


1. Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. – М.: Учпедгиз, 1963. - 288 с.
2. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V-XI класстары үчүн. – Б., 2014. – 56 б.
3. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2013. – 554 б.
4. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. - Б.: Айат, 2022. – 560 б
5. Муратов А., Шериев Ж., Исаков К. Кыргыз адабияты: маалыматтама. Мектеп окуучулары жана студенттер үчүн колдонмо. - Б.: Айат, 2014.
6. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. - Б., 2007. - 100 б.